КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
АЙЫЛ ЧАРБА
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# Б У Й Р У К
# П Р И К А З

_______________ №______________ 

Бишкек ш.
г.Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги, анын түзүмдүк, аймактык жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө**

Жарандарга жана юридикалык жактарга мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуучу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 токтомуна ылайык жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 09.03.2021-жылдагы № 83 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги жөнүндө” жобонун негизинде, **буйрук кылам**:

1. Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине (тизмесине) киргизилген мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары (5-главанын 65 жана 66-пункттары):

– лабораториялык корутунду берүү менен асыл тукум малдын алынып келинген уруктарынын сапатына лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү;

– асыл тукум малдын асыл тукумдук жана азыктуулук сапаттарын жана тегин аныктоо, тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин мал чарба тармагын тейлеген орун басарына жүктөлсүн.